**Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 10.24.700 диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиянын мүчөсү, филол.ил.докт., Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин профессору Б.Сагынбаеванын Мураталиева Уркуя Тойчуевнанын "Сөздүн магиялык кудурет-күчү – риторика маселеси" деген темада 10.02.01- кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине**

# КОРУТУНДУСУ

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.** Мураталиева Уркуя Тойчуевнанын "Сөздүн магиялык кудурет-күчү – риторика маселеси"аттуу кандидаттык иши диссертациялык кеңештин багытына, ал эми изилдөө ишинин мазмуну, концептуалдык негизи 10.02.01. – кыргыз тили адистигине шайкеш келет.

**2. Изилдөөнүн максаты** – Изилдөө ишинин негизги максаты катары жалпы риториканын өзөктүү маселелеринин, кара риториканын негизги стратегиялары менен тактикаларына, принциптерине, манипуляциялык ык-амалдарына, псевдологикалык технологияларына байланышкан маселелерин кыргыз тилинин факты-материалдарынын негизинде изилдөөгө алуу.

Бул максатты жүзөгө ашырууда төмөнкүдөй **милдеттерди** аткаруу менен чечилген:

1) риториканын теориялык жана практикалык маселелеринин жалпы тил илиминде, түркологияда жана кыргыз тил илиминде изилдениш абалына, илимий адабияттарга сереп жүргүзүү;

2) негизги, базалык түшүнүк-категорияларды, ораторлорду түрлөргө бөлүштүрүүнүн принциптерин, прецеденттүүлүк кубулушунун конкреттүү тилдик иллюстрациялардын мисалында изилдөө;

3) кара риториканын максаты, колдонулуу чөйрөсү, принциптери, суггестивдик лингвистика менен болгон байланышы, кептик стратегиялардын типологиясы, манипуляциялык ык-амалдар өңдүү теориялык негизги маселелерди кыргыз тилиндеги көркөм жана медиатексттердин мисалында иликтөө;

4) текстке риторикалык талдоо жүргүзүүнү кыргыз тилиндеги көркөм тексттердин мисалында көрсөтүү жана медиатексттерден алынган мисалдар аркылуу элокуция, кептик фигуралардын кара риторикада колдонулушу өңдүү маселелерге илимий негизде илик жүргүзүү.

Изилдөөнүн **объектиси** катары жалпы жана кара риторикадагы стратегиялар, кептик тактикалар, манипуляциялык ык-амалдар, псевдологикалык технологиялар алынса, изилдөөнүн **предмети** катары

КЫРНАЦУНИВЕРСИТЕТ
ВХОДЯЩИЙ № 10-24-01
«25» 11 2024 г.

риторикалык фигуралар, көркөм тексттер, саясий медиатексттер тандалып алынган.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.**

Буга чейин кыргыз тил илиминде кара риторика атайын изилдөөнүн объектисине алынган эмес. Ошондой жагдайда кыргыз тил илиминде псевдологикалык технологиялар, манипуляциялык амалдар, рабулистика, софистика өңдүү ык-амалдардын чеги, түрлөрү ажыратылып, конкреттүү тилдик фактылардын мисалында каралбай, тексттин риторикалык түзүлүшүнө талдоо жүргүзүлбөгөн. Натыйжада кара риторикадагы кептик жүрүм-турумдун өзгөчөлүктөрүнүн текстте чагылдырылышында, псевдологикалык технологиялардын, вербалдык агрессия, демагогия, рабулистика, софистика өңдүү амалдардын ишке ашуусунда риторикалык фигуралардын мааниси ачып көрсөтүлгөн эмес. Демек, мындай кептик реалдуулук катары эсептелген кара риториканын теориялык жана практикалык маселелерин изилдөөгө арналган бул диссертациянын темасынын **актуалдуулугун** жогоркудай жагдайлар шарттап турат.

**Диссертацияда коюлган милдеттердин ар бирин чечүү зарылдыгын негиздөөдө илимий адабияттардагы маалыматтарды сындап талдоо жүргүзүүнүн даражасы жана толуктугу.**

**1-натыйжа.** Жалпы риториканын, анын ичинде кара риториканын теориялык жана практикалык маселелеринин жалпы тил илиминде илимий адабияттарга сындап талдоо жүргүзүү илимий жактан негизделген, түркологияда жана кыргыз тил илиминде изилдениш абалына, алардагы концептуалдуу көз караштарга, илимий адабияттарга сындап талдоо жүргүзүү толук эмес (1.1, 1.2., 1.3.);

**2-натыйжа.** Жалпы риториканын алкагында каралчу негизги, базалык түшүнүк-категорияларды, ораторлорду түрлөргө бөлүштүрүүнүн принциптерин, прецеденттүүлүк кубулушунун конкреттүү тилдик иллюстрациялардын мисалында талдоо жүргүзүлгөндүгү негиздүү жана ишенимдүү (2.3., 2.4., 2.5.);

**3-натыйжа.** Кара риториканын максаты, колдонулуу чөйрөсү, принциптери, суггестивдик лингвистика менен болгон байланышы, кептик стратегиялардын типологиясы, манипуляциялык ык-амалдар өңдүү теориялык негизги маселелерди кыргыз тилиндеги көркөм жана медиатексттердин мисалында алынган натыйжалар негиздүү жана ишенимдүү (3.1., 3.2., 3.4.);

**4-натыйжа.** Текстке риторикалык талдоо жүргүзүүнү кыргыз тилиндеги көркөм тексттердин мисалында көрсөтүү жана медиатексттерден алынган мисалдар аркылуу элокуция, кептик фигуралардын кара риторикада

колдонулушу өңдүү маселелер илимий негизде талдоого алынган (3.1., 3.4., 3.5.).

Жогоруда көрсөтүлгөн маалыматтардын негизинде изденүүчү тарабынан жүргүзүлгөн илимий изилдөөнү актуалдуу деп корутундулоого болот.

**3. Илимий натыйжалары.**

Диссертацияда маалымат технологияларынын, медиаресурстардын техникалык мүмкүнчүлүктөрүнүн күн санап өсүшү менен, кара риторикага мүнөздүү болгон вербалдык агрессиянын, псевдологикалык технологиялардын, вербалдык манипуляциялык амалдардын колдонулуш чөйрөсүнүн улам кеңейип бараткандыгы аныкталган. Аталган амалдарга каршы туруунун, контраргумент келтирүүнүн ак риторикадагы ык-амалдары, манипуляциядан коргонуунун техникалары да иштелип чыгып, активдүү колдонулуп жаткандыгы ачыктап көрсөтүлгөн.

**3.1. Иштин илимий жаңылыгы.** Риторика менен катар кара риториканын концептуалдуу проблемаларынын кыргыз тилиндеги материалдардын мисалында каралышы иштин илимий жаңылыгын түзөт. Риторикалык фигуралардын кара риториканын негизги стратегиялары менен тактикаларын, манипуляциялык ык-амалдарын, псевдологикалык технологияларын реализациялоо максатында колдонулушун, көркөм текстке риторикалык талдоонун жүргүзүлүшүн жана ушул өңдүү өзөктүү аспектилерге тиешелүү бир катар маселелердин изилденүүсүн иштин илимий жаңылыгы катары эсептөөгө болот.

**3.2. Диссертацияда берилген илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгүн негиздөө.**

**1-натыйжа** ишенимдүү, себеби риторикадагы көркөм текстке риторикалык талдоо багыты кыргыз тил илиминде колго алынбаган багыттардын бири экендиги жана бул изилдөө ишинде көркөм жана медиатексттерге риторикалык талдоо жүргүзүүнүн алгачкы аракети көрүлгөндүгү диссертанттын өз алдынча көз караш менен мамиле жасоонун негизинде чыгарылган.

**2-натыйжа** илимий жактан негизделген жана ишенимдүү, анткени изилдөөнүн жыйынтыгында азыркы учурда илимий риторика сөз өнөрүнүн ар кандай түрлөрү менен жанрларын да жогорку сапаттык деңгээлде сүйлөшө билүүнүн мыйзамдары менен эрежелерин изилдөөгө алган илимий тармак катары аныкталып жүргөндүгү, ал эми риторикалык искусство оозеки жана жазуу кебинин көндүмдөрүн натыйжалуу колдоно билүү, аларды тынымсыз өнүктүрүүгө болгон жөндөмдүүлүк катары түшүндүрүлөрү материалдарды талдоонун негизинде чагылдырылган.

**3-натыйжа** ынанымдуу, анткени тексттерге риторикалык анализ жүргүзүү көндүмдөрүн калыптандыруу коммуникативдик компетенциянын маанилүү талабы катары эсептелери аныкталган.

**4-натыйжа** илимий жактан негизделген жана ишенимдүү, анткени кыргыз тил илиминде тексттерге, анын ичинде медиатексттерге да риторикалык анализ жүргүзүү зарылдыгы Кыргыз Республикасында болуп

жаткан саясий процесстердин таасири астында саясий риториканын, полемикалык риториканын, манипуляциялык риториканын, медиариториканын актуалдашуусу аркылуу да түшүндүрүлөрү изилдөөдө конкреттүү мисалдар менен көрсөтүлгөн.

**3.3. Иштин теориялык мааниси.** Риториканын айрым өзөктүү маселелеринин, ошону менен эле бирге кара риториканын прициптеринин, анын суггестивдик лингвистика менен болгон байланышынын, кептик стратегиялардын типологиясынын, кептик тактикалар жана манипуляциялык ык-амалдардын, кептик фигуралардын кара риторикада колдонулушунун, апозиопезис, прозиопезис жана парцелляция өңдүү теориялык, ошондой эле көркөм жана медиатексттердин риторикалык талдоо жүргүзүүгө байланышкан практикалык мүнөздөгү маселелердин кыргыз тилинин факт-материалдарынын негизинде изилдениши кыргыз тил илимине чоң салым кошот.

**3.4. Квалификациялык белгилерге туура келиши.**

**1.** ***Диссертациянын жыйынтыктарынын мүнөзү***

1.1.Илимдин тийиштүү тармагы үчүн олуттуу мааниге ээ маселелеринин жаңы чечилиши.

1.2.Илим чөйрөсүнө жана темасына жараша өлкөнүн экономикасы үчүн олуттуу мааниге ээ илимий жактан негизделген техникалык, социалдык экономикалык же технологиялык иштеп чыгууларды баяндап берүү.

**2.** ***Диссертациянын жыйынтыктарынын жаңычылык деңгээли***

2.1.Жыйынтыктары жаңы деп эсептелет.

2.2.Айрым жыйынтыктары жаңы эмес.

**3.** ***Диссертациянын жыйынтыктарынын баалуулугу***

3.1.Өтө жогору

3.2 Жогору.

3.3 Канааттандырарлык

**4.** ***Диссертациянын темасынын пландуу изилдөөлөр менен байланышы***

4.1. Тема мамлекеттик программага же эл аралык изилдөөлөрдүн программасына кирет.

4.2. Тема тармактык программага, илимдер академиясынын же уюмдун тематикалык планына кирет.

4.3. Демилгелүү иш.

**5.** ***Прикладдык мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын пайдалануу деңгээли***

5.1.Мамлекеттер аралык деңгээлде (лицензиялар сатылган).

5.2.Тармактар аралык деңгээлде.

5.3.Тармактын масштабында.

5.4.Уюмдун (ишкананын) алкагында.

**6.** ***Прикладдык мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын кеңири пайдаланууу боюнча сунуштар***

6.1.Кеңири пайдаланууну талап кылат.

6.2.Кеңири пайдаланууну талап кылбайт.

## 4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.

Изилдөөдөн алынган тыянак-натыйжаларды риторика, кеп маданияты, тексттин лингвистикасы, заманбап медиатекст, когнитивдүү лингвистика, экспрессивдик синтаксис, коммуникативдик синтаксис, көркөм текстке лингвистикалык илик жүргүзүү өңдүү дисциплиналар боюнча лекциялык курстарды жана семинардык сабактарды өтүүдө пайдаланууга болот. Ошону менен эле бирге изилдөө ишинен алынган жыйынтыктар аталган багыттар боюнча окуу куралдарын, типтүү жана жумушчу программаларды, лекциялык курстардын тексттерин даярдоодо теориялык материал иретинде колдонууга сунушталат. Ушул жагдайлар изилдөөнүн практикалык маанисин айгинелейт.

## 5. Диссертациянын негизги жоболору, натыйжалары жана корутундуларынын жарыяланышы, тастыкталышы.

1. Мураталиева, У.Т. Элементы черной риторики в диалогических жанрах фольклорных произведений [Текст]/ /У.Т.Мураталиева// Научный аспект, т. 4, № 2 – 2019. -С. 896-904. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=39164482

2. Мураталиева, У. Т. Сүйлөшүү стилин речте колдонуу ыкмасы жана тилден []тышкаркы факторлору[Текст]/ (Текст) /У.Т. Мураталиева// Ала Тоо Academic Studies. -2019. №4. 125-135-б.б. ttps://www.elibrary.ru/item.asp?id=42565345

3. Мураталиева, У.Т. Сүйлөшүү стилиндеги бейвербалдык каражаттардын колдонулушу[Текст]/У.Т.Мураталиева// Ала Тоо Academic Studies. -2019. №4. 136-147-б.б., https://www.elibrary.ru/item.asp?id=42565346

4. Мураталиева, У.Т. Риториканын адамга таасир этүүсү жана сөздүн магиялык табияты [Текст] /У.Т. Мураталиева// Ала Тоо Academic Studies. 2019. №3 162-168-б.б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=42466314.

5. Мураталиева, У.Т. Риторикадагы сөздөрдүн магиялык күчү жана алардын лексика-семантикалык белгилери [Текст] / У. Т. Мураталиева// Ала Тоо Academic Studies. -2019. -№3. 169-175-б.б., https://www.elibrary.ru/item.asp?id=42466315

6. Мураталиева, У.Т. Влияние красноречия на жизнь человека [Текст] /У.Т. Мураталиева// Научный аспект, т. 3 , №4 -2020. 292-299 стр. ISSN 2226-5694

7. Мураталиева, У.Т «Манас» эпосун кара сөзгө айландыруунун өзгөчөлүктөрү [Текст] /У.Т. Мураталиева// Вестник Кыргызстана. -2021. №1 (2) 58-65 стр. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=48067904

8. Мураталиева, У.Т Элдик оозеки чыгармачылыкта кара риториканын берилиши [Текст] / У. Т. Мураталиева // Вестник КГУСТА. -2022. №1(75). 158-161 стр. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=48339909

9. Мураталиева, У.Т. Чечендиктин диалогдук кепте берилиши (Текст) /У.Т. Мураталиева// [Текст] Академик Б.Орузбаева жана филология маселелери. Илимий жыйнак. -2016. 150-154-б.б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=48339909

10. Мураталиева, У. Т. Сөздүн магиялык кудурет-күчү жөнүндө [Текст] / У.Т. Мураталиева // Наука и новые технологии. -2013. №1. 265-270 стр.

**6. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине, жүргүзүлгөн изилдөөлөргө, алынган жыйынтыктарга дал келет. Авторефераттын кыргыз, орус, англис тилдеринде резюмеси бар.

**7. Диссертациянын мазмунунда кездешкен айрым кемчиликтер.**

1. Риториканын айрым маселелеринин түркологияда кеп маданиятынын алкагында изилденүүсү жөнүндөгү параграфта казак тил илиминдеги маалыматтар кенен берилип, өзбек тил илими, азербайжан тил илиминдеги риториканын изилденүүсү үстүрттөн сыпатталып калган.
2. Илимий риториканын ордуна колдонулган кыргыз тилинин стилистикасы, сүйлөө маданияты жана тексттин изилденүүсү боюнча авторлордун (Ж.Мамытов, Б.Усубалиев, С.Өмуралиева, Т.С.Маразыков, С.Ж.Мусаевдин) эмгектери илимий талдоого алынбастан санакталып берилген.
3. Диссертацияга коюлуучу талап боюнча, берилген мисалдардын көлөмү отуз пайыздан ашпоо керек. Бул иште айрым учурларда бир тексттен төрт бетке жеткен үзүндү берилип кеткен (131, 132, 133, 134-б.).
4. II бапта изилдөөнүн методдору бир бет менен чектелген. Кандай гана илимий изилдөө болбосун жобо, эрежелерди чыгарууга багытталган, илимий изилдөөнүн негизги принциптерин аныктаган методдорго таянат. Бул эмгекте методдорго таянуу аркылуу теманын ачып көрсөтүлүүсү өксүк болуп калган.
5. Диссертациянын III бабындагы кара риториканын тилдик табиятында саясий дискурс менен көркөм чыгарма дискурсу аралашып кеткен. Факт-материал катары булардан бирөөсүн эле алганда кара риториканын стратегия жана тактикалары так аныкталмак.
6. II баптан чыгарылган жыйынтык өтө кыска болуп калган.

**8. У.Т.Мураталиеванын диссертациялык иши үчүн сунушталган жетектөөчү мекеме жана расмий оппоненттер.**

**Жетектөөчү мекеме**: Мураталиева Уркуя Тойчуевнанын "Сөздүн магиялык кудурет-күчү – риторика маселеси" деген темада 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине жетектөөчү мекеме катары К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин кыргыз жана түрк тилдеринин теориясы кафедрасы сунушталат. Дареги: 720044, Бишкек ш., Ч. Айтматов проспектиси, 27.

**Расмий оппоненттер:**

**Дунканаев Абдыкалык Токтогулович** – К. Тыныстанов атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын профессорунун м.а.

**Эмгектери:**

1. Кыргыз эл макалдарынын тексттик-коммуникативдик өзгөчөлүктөрү. - Каракол: ЫМУ, 2010

2. Дидактикалык чыгармалардын тили макал - текст. Бишкек: 2016.

3. Кыргыз тил илиминдеги жаңы багыт башаты" (Академик С. Ж. Мусаевдин айрым изилдөөлөрү боюнча // Наука и новые технологии. -2023. -№12.

4. Сүйлөмдүн семантикалык-структуралык маселесине карата. -Бишкек: Ж.Баласагын атындагы университетинин жарчысы, 2015.

**Максутова Айзада Асанбековна** – филология илимдеринин кандидаты, Эл аралык Кувейт университетинин журналистика жана социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын доценти

**Эмгектери:**

1. Кыргыз тилиндеги «өлүк» сөзүнүн тергөөлөрүнүн объектилери [Текст] / А. А. Максутова // ALATOO ACADEMIC STUDIES. Эл аралык Ала-Тоо университети. 2018. −№3 – 98-103-бб.
2. Виды эвфемизмов в кыргызском языке, связанных со смертью и выражением соболезнования [Текст] / А. А. Максутова // Бюллетень науки и практики. −Нижневартовск, Россия. 2021. −№7. С. 394-398.
3. Семантические группы эвфемизмов в кыргызском языке [Текст] / А. А. Максутова // Бюллетень науки и практики. −Нижневартовск, Россия. 2021. −№7.С.437-441.
4. Кыргыз тилиндеги «көмүү» сөзүнө байланыштуу тергөөлөр [Текст] / А. А. Максутова, Б. Ш. Усубалиев // ALATOO ACADEMIC STUDIES. Эл аралык Ала-Тоо университети. 2021. −№4 – 169-174-бб. 2.

**9. Диссертациянын Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиянын окумуштуулук даражаларды ыйгаруу боюнча жобосуна дал келиши.**

Жыйынтыктап айтканда, У.Т.Мураталиеванын “Сөздүн магиялык кудурет-күчү – риторика маселеси" аттуу диссертациялык иши 10.02.01. –

кыргыз тили илими адистигине туура келет. Диссертациялык иштин темасы актуалдуу, алынган жыйынтыктары далилдүү, теориялык жана практикалык мааниге ээ болгон маселелерди камтыган жана кыргыз тил илими үчүн зарыл болгон илимий эмгек болуп саналат. Диссертациялык иш КРнын Президентине караштуу УАКтын кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарына жооп берет. Диссертант жогоруда белгиленген сунуш-пикирлерди ылайыгына жараша карап чыгуу шарты менен 10.02.01. – кыргыз тили адистиги боюнча Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 10.24.700 диссертациялык кеңештине ачык коргоого кабыл алууга сунуштайм.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү,**
**филология илимдеринин доктору,**
**Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин профессору,**
**филология бөлүмүнүн башчысы** **Б.Сагынбаева**

**15. 11.2024-ж.**

**Эксперттик комиссиянын мүчөсүнүн колун тастыктайм:**
**Окумуштуу катчы,**
**филология илимдеринин доктору, доцент** **С.К.Каратаева**

*Окумуштуу катчынын колун тастыктайм,*
*КБнын башчысы* *А.Жайнакова*